Бекитемин:
Мектеп директору

# Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин "Байчечекей" усулдук бирикмесинин 2022-2023- окуу жылынын 20-сентябрдан 30-октябрга чейинки өткөрүлүүчү декадасынын иш-планы

| № | Аткарылуучу иштер | Мөөнөтү | Жооптуу адам | Максаты |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Декаданын ачылышы | 20.09 | УБ мүчөлөрү | "Байчечекей" усулдук бирикмесинин декадасынын ачылышын өткөрүү жана линейка кылуу. Сапаттуу билим- ийгиликтин ачкычы - деген ураан менен иш алып баруу |
| 2 | Стен газета чыгаруу | 21.09 | УБ мүчөлөрү | Усулдук бирикменин стен газетасын чыгаруу жана өтүлүүчү ачык сабактардын графигин илүү. |
| 3 | Ачык сабактар<br>1.Адабий окуу<br>"Жолоочу менен жылан"<br>2. Математика<br>"Эки амалдуу маселе" | 12.10<br><br>13.10 | Касаева Ж<br><br>Касаева Ж | Тажрыйба алмашуу<br><br>Түшүндүрүү жана негиздөө стратегиясын жайылтуу |
| | Адабий окуу<br>1."Кумурска менен жалкоо"<br>Математика<br>2. 5ке көбөйтүүнүн жадыбалы | 27.09<br><br>20.10 | Арзымова Б<br><br>Арзымова Б | Тажрыйба алмашуу<br><br>Түшүндүрүү жана негиздөө стратегиясын жайылтуу |
| | Адабий окуу<br>1."Айгүл гүлү"<br>Математика<br>2. Узундукту өлчөө | 6.10<br><br>12.10 | Муратжанова А<br><br>Муратжанова А | Тажрыйба алмашуу<br>Түшүндүрүү жана негиздөө стратегиясын жайылтуу |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Алиппе<br>1.“А” тыбышы<br>Математика<br>2. “1” санын цифра менен жазуу | 4.10<br>17.10 | Түлөбердиева Ж<br>Түлөбердиева Ж | Тажрыйба алмашуу<br>Түшүндүрүү жана негиздөө стратегиясын жайылтуу |
| | Кеп өстүрүү<br>1.“Чыпалак бала”<br>Ж.М.Т.К<br>Сан жана эсеп. Бирге көп же бирге аз<br>Тарбиялык саат<br>“Жолдо жүрүүнүн эрежелери” | 13.10<br>17.10<br>21.10 | Мамырова К<br>Мамырова К<br>Мамырова К | Тажрыйба алмашуу |
| | Окуу ылдамдыгын текшерүү | Ай ичи | Класс жетекчилер | Шар окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү. |
| 4 | Тарбиялык сааттар<br>1.“Карынын кебин капка сал”<br>2.“Мугалим мөмөлүү дарак” | 1.10<br>7.10 | Касаева Ж<br>Түлөбердиева Ж | Кары адамдарды сыйлоого жана кадырлоого, барктоого мотив берүү<br>Эл агартуучу адамдарга жакшы маанай тартуулоо |
| 5 | “Окуу керемет!” долбоорунун үстүндө,көрсөтмө курал жасоо | 20.10 | УБ мүчөлөрү | Көрсөтмө куралдарды толуктоо |
| 6 | Конкурс:<br>“Кичинекей окурман”<br>“Мыкты кол жазма”<br>“Ойчул математик” | Убагында | УБ мүчөлөрү | Окуучуларга мотивация берүү,шык жөндөмүн арттыруу |
| 7 | “Окуу керемет боюнча!” план түзүү | | УБ мүчөлөрү | “Окуу керемет!” долбоорунун иштешин жакшыртуу<br>Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү |
| 8 | Жыйынтыктоо | 30.10 | УБ мүчөлөрү | |

## *«Байчечекей» усулдук бирикмесинин 2022-2023-окуу жылынын 1-жарым жылдыгындагы*

## *Анализи*

Бирикмеде 5 мугалим эмгектенет. Алар: 1-классынын мугалими-Түлөбердиева Жыпаркүл Эсенкожоевна, 2-классынын мугалими-Касаева Жумагүл Сабырбековна, 3-классынын мугалими-Арзымова Бегимай Эркинбековна, 4-классынын мугалими-Муратжанова Айзада Молдогазиевна, даярдоо классынын мугалими Мамырова Кенжебүбү Абдылдаевна . Бирикме мүчөлөрүнүн жумалык сааттары такталып, 2022-2023-окуу жылында жылдык үчүн календарлык-тематикалык планы өз убагында түзүлүп, бекитилди. Класс жетекчинин иш-пландары түзүлүп, бекитилген.

OSTIN окутуу борборунун «Эртең дайыма кеч» долбоорунун негизинде мугалимдин өзүн-өзү баалоосу жана окуучулардын психологиясы тууралуу мотивация берүүчү 72 сааттык билим алуу менен психологдун кабыл алуусуна катышышты. Бирикме мүчөлөрүнүн бардыгы окушуп,09.10.2022-жылы сертификатка ээ болушту.

«Байчечекей» усулдук бирикмеси 20-сентябрдан тартып 30-октябрга чейин декада өтүү графиги белгиленген. Бирикме мүчөлөрү тарабынан өтүлүүчү ачык сабактардын темалары аныкталып, иш план түзүлүп, жарыяланды. Окуучулар тарабынан көркөм ырлар айтылып, окуучуларга логикалык суроолор берилип,обондуу ырлар ырдалып, кызыктыруучу белектер ыйгарылды.

Бирикме мүчөсү касаева Жумагүл Сабырбековна математика сабагынан 2-класстар үчүн «Эки амалдуу маселе» 13-октябрда ачык көрсөтмөлүү сабак өттү.Сабак окуучулар үчүн кызыктуу болду. «Түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясы пайдаланылды.

Ушул эле класста адабий окуу сабагынан 12-октябрда «Жолоочу менен жылан» темасынын негизинде ачык сабак өтүлдө. Окуучулар сүрөттөрдүн негизинде вендин диаграммасын түзүп, каармандардын сапаттарын айтып беришти. Сабак өз максатына жетти.

3-классына Арзымова Бегайым Эркинбековна математика сабагынан 20-октябрда «5 ке көбөйтүүнүн жана 5ке бөлүүнүн жадыбалы» темасында ачык, көрсөтмөлүү сабак өттү. Окуучулар теманы өз алдынча негиздеп берүүгө аракеттеништи. Сабак учурунда мугалим этаптарды сактоо менен кызыктуу сабак өтүлдү. Сунуш катары окуучулардын жадыбылды мыкты өздөштүрүүсү үчүн кошумча тапшырмалар менен иштөө сунушталды.

Даярдоо классынын мугалими Мамырова Кенжебүбү Абдылдаевна кеп өстүрүү сабагынан «Үй жаныбарлары жана канаттуулары» темасында ачык сабак өтүлдү. Окуучулар сабакка активдүү катышышты.

Касаева Жумагүл Сабырбековна 2-класстарына «Карысы бардын-ырысы бар» аталышында ачык тарбиялык саат өтүп, ата-энелердин катышуусунда мыкты сабак уюштурулду.

Декаданын жүрүшүндө «Окуу керемет!» бурчу жаңыртылып, иш-планы илинди. Мугалимдер долбоордун негизинде стратегияларды пайдалануу менен окуучулардын түшүндүрүү жана негиздөө көндүмдөрүн калыптандыруу максатында байма-бай иштер жүргүзүлүүдө.

Улуттук тренер Мазира Асанкулова тарабынан жүргүзүлгөн мониторинг жүргүзүлдү. Тренер тарабынан мактоого арзыган жакшы ой-пикирлер айтылды. Класстан тышкаркы иштерди уюштуруу тууралуу көрсөтмөлөр берилди.

4-классынын мугалими Муратжанова Айзада Молдогазиевна ата-энелер менен биргеликте «Фин чилистен» сынагын өткөрдү. Окуучулар менен ата-энелер бирдиктүү форма менен мыкты катышууну камсыз кылышты. Ата-энелер үйгө берилген тапшырманы жогорку деңгээлде аткарып келишкен.Үй бүлөлүк финансы тууралуу окуучулар менен биргеликте акча табуу жана аны сарамжалдуу пайдалануу тууралуу маалыматтарды алышты. Окуучулардын кызыгуусун арттыруу максатында грамата менен сыйланышты.

3-классынын мугалими Арзымова Бегайым Эркинбековна «Кичинекей математик» аталышында ата-энелер менен биргеликте конкурс уюштурулду. Конкурстун тапшырмалары жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык келген жана кызыктуу тапшырмалар камтылган. Соңунда кызыктыруучу белектер ыйгарылды.

4-декабрь манас күнүнө карата 3-классынын мугалими Б. Арзымова «Манас-кыргыз рухунун туу чокусу » аталышында мыкты , таасирдүү, тарбиялык сабак өттү. Мугалим окуучулар менен мыкты даярдык көргөн . Окуучулар сөздөрдү даана, так айтуу жана аткаруучулук чеберчилиги мыкты экендигинен улам мугалимдердин алкышына ээ болушту. Мугалимдин ишине ийгилик каалайм!

«Байчечекей » усулдук бирикмесинин иштери жакшы деп бааланып, админстрация тарабынан жакшы пикирлер айтылды.

«Байчечекей» усулдук бирикме жетекчиси:________А. Муратжанова